# КАРА-КОЛ ШААРДЫК АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫНЫН
## 5 ПРОТОКОЛУ

29.03.2021-жыл

Кара-Кол шаары.

Катышкандар:

| | |
|---|---|
| АШКнын төрагасы: | Чымынтаев С. К. |
| АШКнын катчысы: | Самиев Ө. Б. |
| АШКнын мүчөлөрү: | Таттыбаев Д. Т. |
| | Исраилов У. Т. |
| | Кармышов Н. Т. |
| | Батырбекова С. А |
| | Кудайназарова К. Р. |
| | Батырбекова Н. Ш. |

Күн тартибинде:

"Ыйман Нуру" Адилеттүүлүк жана өнүгүү саясий партиясынын арызын кароо.

Угулду:

Кара-Кол АШКнын төрагасы С. К. Чымынтаев – 2021-жылдын 19-мартында КР Борбордук Шайлоо комиссиясынан "Ыйман Нуру" Адилеттүүлүк жана өнүгүү саясий партиясынын Кара-Кол аймактык бөлүмүнүн ыйгарым укуктуу өкүлү К. Токтогазиевдин арызы (мындан ары-Арыз) келип түшкөн.

Арызда "Замандаш" саясий партиясынан Кара-Кол шаардык кеңешинин депутаттыгына талапкер И. М. Еркеев, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" мыйзамынын 17-1 беренесин, 28-беренесинин 5-бөлүгүн, Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексинин 45, 46 беренелерин, Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодексинин 87/1-беренесин бузуу менен "Ыйман Нуру" Адилеттүүлүк жана өнүгүү саясий партиясынын Кара-Кол шаардык кеңешинин депутаттыгына талапкер Мамытов Айдангист Райымбековин жөнүндө тактала элек, жалган маалыматтарды массалык маалымат каражаттары аркылуу тараткан деп айтылат. Арыз менен бирге тиешелүү видео жана аудио жазуу CD-диск берилген.

2021-жылдын 21-мартында Арыз Кара-Кол аймактык шайлоо комиссиясындагы Ыкчам чара көрүү боюнча координациялык топтун отурумунда каралып, протокол (№2-протокол) түзүлүп, Кара-Кол АШКнын №21 сандуу чыгыш каты менен видео жана аудио жазуу CD-диск Кара-Кол шаардык Ички Иштер бөлүмүнө кароо үчүн өткөрүп берилген. 24-март күнү Кара-Кол ШИИБнин башчысынын убактылуу милдетин аткаруучу Р. Т. Мамытовдун №33-7/630 чыгыш жооп каты келген, катта И. М. Еркеев жасаган аракетинде Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексинин 45-беренеси бузулганы байкалганы айтылат. Катта Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексинин 42-42/2, 43-48-беренелери бузулган учурда шайлоо комиссиялары тарабынан каралып, протокол түзүлүп, чара көрүлөт деп көрсөтүлгөн.

Талкууланды:

Арыз менен келген видео жана аудио жазууларды карап, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоо жөнүндө мыйзамынын 17-1, беренесин 28-беренесинин 5-пунктун, Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексинин 45-46-беренелерин, Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө мыйзамынын 87/1-беренесин талкуулап,

**Чечим кылат:**

1. Арызда көрсөтүлгөн Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" мыйзамынын 17-1 беренеси, Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодексинин 87-1 беренеси, Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексинин 46-беренеси "Замандаш" саясий партиясынын Кара-Көл шаардык кеңешинин депутаттыгына талапкер И. М. Еркеев тарабынан бузулган эмес.

2. Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоо жөнүндө мыйзамынын 28-беренесинин 5-пункту жана Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексинин 45-беренеси "Замандаш" саясий партиясынын Кара-Көл шаардык кеңешинин депутаттыгына талапкер И. М. Еркеев тарабынан бузулгандыгы үчүн, Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексинин 45-беренесинин негизинде 6-категориядагы (жеке адамдар үчүн-125 эсептик көрсөткүч) айып пул салынсын.

**Добушка коюлду:**

**Макул:** 8 (сегиз) **Каршы:** 0 (нөл)

1. Ушул протоколдун көчүрмөсү Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана Референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын юридикалык бөлүмүнө жөнөтүлсүн.
2. Ушул протоколдун көчүрмөсү "Ыйман Нуру" саясий партиясынын Кара-Көл шаардык бөлүмүнө жөнөтүлсүн.
3. Ушул протоколдун көчүрмөсү "Замандаш" саясий партиясынын Кара-Көл шаардык бөлүмүнө жөнөтүлсүн.
4. Ушул протоколдун көчүрмөсү Борбордук Шайлоо комиссиясындагы Ыкчам чара көрүүчү координациялык тобуна жөнөтүлсүн.

Протоколго тиркелет:

1) "Ыйман Нуру" Адилеттүүлүк жана өнүгүү саясий партиясынын Кара-Көл аймактык бөлүмүнүн ыйгарым укуктуу өкүлү К. Токтогазиевдин арызынын көчүрмөсү -1 баракта;
2) Кара-Көл АШКсындагы Ыкчам чара көрүү боюнча координациялык топтун №2 Протоколунун көчүрмөсү -2 баракта;
3) Кара-Көл ШИИБнин 23.03.2021 ж. №33-7/630 жооп катынын көчүрмөсү - 1 баракта.

Колу:

Чымынтаев С. К.
Самиев О. Б.
Татыбаев Д. Т.
Исраилов У. Т.
Кармышов Н. Т.
Батырбекова С. А
Кудайназарова К. Р.
Батырбекова Н. Ш.